**«ОРДО» саясий партиясынын**
**2019-жылдын жыйынтыгы боюнча ишмердүүлүгү боюнча**
**отчету**

«ОРДО» саясий партиясы 2019-жылдын 17-апрель күнү мамлекеттик каттоодон өтүп, Юстиция министрлигинен расмий уюм катары тийиштүү күбөлүгүн алды.

Партия алгачкы кадамдары катары толук кандуу иш алып баруу максатында өзүнүн ички документацияларын иреттөө менен алектенди. Анын катарында партиянын Программасы жана «Манас – борбор шаар», «Ош – Фергана өрөөнүнүн экономикалык борбору», «Баткен облусун өнүктүрүү жолу» аттуу партиялык долбоорлор жаңыдан иштелип чыкты.

Партиянын алгачкы съезди өтүп, анын саясий кеңеши жана партия лидери бекитилип, партиянын Программасы жана долбоорлору кабыл алынды.

Съезддин өтүшү менен партия Чүй өрөөнүнүн жашоочулары менен жолугуп, өз Программасын презентация жасады.

Партиянын расмий катталышы менен партия эл аралык кызматташтык ишмердигин жана сыртта жүргөн жарандарыбыздын көйгөйлөрүн аныктоо максатында бир катар расмий иш сапарлар болуп өттү. Анын ичинде Россиянын борбор шаары Москва жана Туркиянын борбор шаары Анкарадагы кыргыз жарандары менен жолугушуулар болуп өттү.

Партия, өлкөдөгү бирдиктүү көз караштагы башка саясий уюмдар менен биргеликте бирдиктүү иш алып баруу максатында «Кыргызстан жаш мууну» саясий партиясы, «Республикалык жаштар бирдик», «Кайыңды биримдиги», «Тоң жаштары» коомдук саясий уюмдар менен кызматташуу боюнча келишимдерге кол коюлуп, алардын алкагында иш алып барууда.

Андан тышкары партия Чүй өрөөнүндөгү ондон ашык коомдорду бириктирген «Сары-Өзөн Чүй» ынтымак борбору менен кызматташуу боюнча меморандумга кол коюп, ийгиликтүү иштер жүргүзүлүүдө.

Партиянын демилгеси менен коомдо талкуу жараткан маселелерди талдоо үчүн «Казан-Форум» форматында эксперттик талкууларды өткөрдү.

Келерки 2020-жылы өтүүчү шайлоого байланыштуу мыйзамдарда тосмо жаратуучу мүчүлүктөрдү жаратуучу беренелерге өзгөртүүлөрдү киргизүү максатында Кыргызстандын көрүнүктүү саясий күчтөрдүн жана жарандык коомдун демилгелерин колдоп, талкууга активдүү катышып келет.

Бүгүнкү күндө партиянын катарында 745 расмий мүчө жана 2000 ден ашуун жактоочулары бар.

Партия демөөрчүлүк ирээтинде дагы бир топ жаштар демилгелерин колдоого алып, спорттук оюндарды уюштурууда колдоо көрсөтүп келет.

**"ОРДО" саясий париясынын**
**Лидери** **Мирбек Мияров**